**БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ**

**ИННОВАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ЖАНА ЭНЕРГЕТИКА ИНСТИТУТУ**

# 640200 Электроэнергетика жана электротехника (бакалавр), 580100 Экономика (бакалавр) жана 550700 «Педагогика» (бакалавр) жогорку кесиптик билим берүү программаларын тышкы баалоо жүргүзгөн программалык аккредитациялоо боюнча эксперттик комиссиянын ОТЧЕТУ

**Эксперттик комиссиянын төрагасы:** Эргешбаев Уран Жумабекович, ОшМУ, экономика жана бизнести башкаруу кафедрасынын башчысы, э.и.д.,профессор

**Комиссиянын мүчөлөрү:**

**550700 «Педагогика» (бакалавр) боюнча эксперт:** Исаков Топчубай Эргешович, Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин квалификацияны жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо борборунун башчысы, п.и.к., доцент

**580100 Экономика (бакалавр) боюнча эксперт:** Эргешбаев Уран Жумабекович, ОшМУ, экономика жана бизнести башкаруу кафедрасынын башчысы, э.и.д.,профессор

**640200 Электроэнергетика жана электротехника (бакалавр) боюнча эксперт:** Турдуев Ильяз Эрмекович, М.М.Адышев атындагы ОшТУ, "Электр менен жабдуу" кафедрасынын башчысы. т.и.к., доцент

**Референт:** Исаков Топчубай Эргешович, КӨЭАУнун квалификацияны жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо борборунун башчысы, п.и.к., доцент, ББПУААнын эксперти

**28 - 29.04.2025-ж., Таш-Көмүр шаары**

**БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ЖАНА УЮМДАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛОО АГЕНТТИГИ**

**Инновациялык технологиялар жана энергетика институтунун 640200 Электроэнергетика жана электротехника (бакалавр –** профиль: электр станциялары)**, 580100 Экономика (бакалавр -** профиль: бухгалтердик эсеп, талдоо жана аудит) **жана 550700 «Педагогика» (бакалавр -** профиль: Педагогика жана башталгыч

билим берүүнүн усулу) **жогорку кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруудагы күчтүү жана алсыз жактары жана аккредитациялоонун алдын-ала жыйынтыктары:**

## 1 - Стандарт. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана мониторинг жүргүзүү.

**Күчтүү жактары: -**

**Алсыз жактары:**

1. Кызыктар тараптардын күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттануусарын баалоо үчүн мониторинг процессиин системалуу жүргүзүлбөгөндүгү.
2. Аккредитацияланган билим берүү программалары үчүн негизги кесиптик билим берүү программасын өркүндөтүүдө өнөктөштөрдүн пикирлеринин толук кандуу эске алынбагандыгы.
3. Аккредитацияланган программалар боюнча студенттердин керектөөлөрүнө ылайык кошумча ийримдердин, кыска мөөнөттүү курстардын жана факультативдердин жетишсиз уюштурулушу.
4. Сапатты камсыз кылуу саясаты боюнча жүргүзүлгөн иштердин солгундугу.

**Сунуштар:**

1. Кызыктар тараптардын күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттануусун баалоо жана кайтарым байланышты камсыз кылуу үчүн жыл сайын мониторинг жүргүзүү.
2. 2025-жылдын 1-сентябрына чейин аккредитацияланган билим берүү программалары үчүн негизги кесиптик билим берүү программасы өнөктөштөрдүн пикирлерин эске алуу менен өркүндөтүлсүн.
3. 2025-2026-окуу жылынан баштап студенттердин муктаждыктарына жараша кошумча ийримдер, кыска мөөнөттүү курстар (кытай тилин үйрөтүүчү) уюштурулуп, ишке ашырылсын.
4. Окуу жайда 2025-2026-окуу жылында сапатты камсыз кылуу саясаты боюнча бөлүм же департамент түзүлүп, пландуу иш алынып барылсын.

**1 - Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

## 2 - Стандарт. Окутуунун натыйжаларын кабыл алуу жана таануу

**Күчтүү жактары:** -

**Алсыз жактары:** 1. Абитуриенттерди кабыл алуу боюнча кесипке багыт берүү иштеринин натыйжалуу жүргүзүлбөгөндүгү.

2. Аккредитацияланган билим берүү программалары боюнча студенттердин контингенттеринин аздыгы.

**Сунуштар:** 1. 2025-2026-окуу жылына карата абитуриенттерди кабыл алуу боюнча кесипке багыт берүү иштери натыйжалуу жүргүзүлсүн.

3. Аккредитацияланган билим берүү программалары боюнча студенттердин контингенттеринин жогорулатуу боюнча иштер (тикелөө, башка ЖОЖдордон которуп келүү ж.б.) күчөтүлсүн.

**2 - Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

## 3 - Стандарт. Инсанга багытталган окутуу жана билим алуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоо.

**Күчтүү жактары:** 1. 640200 Электроэнергетика жана электротехника (бакалавр – профиль: электр станциялары) программасынын студенттери үчүн:

- дуалдык окутуунун (өндүрүштүк ишкана менен биргеликте уюштурулган окуу борборунун) болушу.
- 35 10 квольт чыңалуудагы көмөкчү чордонунун көрсөтмө куралы окуу борборунун болушу.

2. Студенттер үчүн маданий-массалык иштердин жогорку денгээлде уштурулушу (Ала-Тоо жазы фестивалындагы жетишкендиктер).

**Алсыз жактары: 1.** Студенттердин академиялык мобилдүүлүктөрү боюнча иштерди уюштурууга көңүл бурулбагандыгы.

2. Студенттердин билимдерин баалоо каражаттарынын фондунун толук кандуу түзүлбогөндүгү.

**Сунуштар:**

1. 2025-жылдын 1-сентябрына чейин студенттердин академиялык мобилдүүлүктөрүн (ички жана сырткы) камсыз кылуунун иш пландары түзүлсүн жана системалуу ишке ашырылсын.
2. 2025-2026-окуу жылынан баштап студенттердин билимдерин баалоо каражаттарынын фондун толуктоо жана колдонуу жолго коюлсун.

**3- Стандарт аткарылып жатат.**

## 4 - Стандарт. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү персонал

**Күчтүү жактары:** ПОЖ тарабынан иштелип чыккан окуу-усулдук колдонмолорду ж.б.ды басып чыгаруудагы жетекчиликтин колдоосу.

**Алсыз жактары:** 1. Профессордук – окутуучулук курамдын сапаттык көрсөткүчтөрүнүн нормага ылайык минималдык талапка туура келбегендиги.

2. Окутуучулардын кесиптик квалификацияларын жогорулатуу боюнча системалуу иштердин алынып барылбагандыгы.

3. Окутуучулардын сырткы жана ички мобилдүүлүктөрү боюнча иштердин уюштурулбагандыгы.

**Сунуштар:**

1. 2025-жылдын 1-сентябрына профессордук – окутуучулук курамдын сапаттык көрсөткүчтөрүн жогорулатуу боюнча иш-чаралардын планы түзүлсүн жана ишке ашырылсын.
2. 2025-2026-окуу жылына чейин окутуучулардын кесиптик квалификацияларын жогорулатуу боюнча иш пландар түзүлсүн жана системалуу иштер алынып барылсын.
3. Окуу жылынын аягына чейин жана андан ары окутуучулардын мобилдүүлүктөрүн камсыз кылуу боюнча иштер уюштурулсун жана ишке ашырылсын.

**4- Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

**5 - Стандарт. Материалдык жана маалыматтык ресурстар**

**Күчтүү жактары:** 1. Окуу жараянын сапаттуу уюштуруу үчүн окуу-лабораториялык кааналардын жеткиликтүүлүгү жана жаңылоо боюнча иштердин пландуу түрдө жүргүзүлүшү;

2. Окуу жайдын өздүк минитипографиясынын болушу.

**Алсыз жагы:**

1. Мүмкүнчүлүгү чектелген билим алуучулар үчүн зарыл болгон шарттардын (пандус, субтитрлүү материалдар ж.б.) жетишсиздиги.
2. Окуу жайдын сайтында аккредитацияланган программалар боюнча талап кылынган маалыматтардын жетиштүү түрдө жайгаштырылбагандыгы.
3. Окуу адабияттарынын студенттерге жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу үчүн электрондук китепкананын талапка ылайык иштебегендиги.
4. Окуу процессин жакшыртуу үчүн заманбап инновациялык технологиялардын жетишсиздиги (Интерактивдүү панелдер, 3D анатомикс ж.б.).

**Сунуштар:**

1. 2025-жылдын 30-октябрына чейин мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар үчүн тиешелүү шарттарды түзүү.
2. Аккредитацияланган программалар боюнча талап кылынган маалыматтар окуу жайдын сайтына өз убагында жана толук чагылдырып турулсун.
3. 2025-жылдын 31-декабрына чейин студенттер үчүн электрондук китепкананын жеткиликтүүлүгү жана сапаты камсыз кылынсын.
4. 31.12.2025-жылга чейин окуу аудиториялар заманбап жабдуулар менен толукталсын ( Интерактивдик панелдер, заманбап компьютерлер).

**5-Стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат.**

**6- Стандарт. Билим берүү программасы боюнча илимий-методикалык жана изилдөө иши (жогорку жана жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү программалары үчүн)**

**Күчтүү жактары:** 1. Окуу жайдын "Образование, наука и инновации" аттуу илимий-маалыматтык журналынын регулярдуу түрдө чыгып турушу.

2. Окутуучулардын дээрлик 80%нын илимий иштер менен алектениши (аспирантурада окуу, илимий макалалар жазуу), бектилген темалары боюнча илимий жетекчилери менен тызыз иш алып барышы.

**Алсыз жактары:**

1. Аккредитацияланган программалардын студенттеринин илимий изилдөө иштери үчүн зарыл болгон заманбап материалдык жана маалыматтык ресурстар менен жетишсиз камсыздалышы.
2. Кесиптик дисциплиналар боюнча мамлекеттик тилдеги окуу китептеринин жетишсиздиги.

**Сунуштар:**

1. 2025-2026-жылдында студенттерди керектүү заманбап материалдык жана маалыматтык ресурстар менен камсыз кылуунун планы иштелип чыгылсын жана анын аткарылышы камсыздалсын.
2. 2025-жылдын 1-сентябрына чейин кесиптик дисциплиналар боюнча мамлекеттик тилдеги окуу китептери жетиштүү санда камсыздалсын.

**6-Стандарт аткарылып жатат.**

## АККРЕДИТАЦИЯЛЫК СТАНДАРТТАРДЫН АТКАРЫЛЫШТАРЫН БААЛОО:

***1-стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат;***
***2-стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат;***
***3-стандарт аткарылып жатат;***
***4-стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат;***
***5-стандарт жетишсиздиктер менен аткарылып жатат;***
***6-стандарт аткарылып жатат.***

**Аккредитациялоо чечими боюнча эксперттик комиссиянын долбоору:**

**Инновациялык технологиялар жана энергетика институтунун 640200 Электроэнергетика жана электротехника (бакалавр), 580100 Экономика (бакалавр) жана 550700 «Педагогика» (бакалавр) жогорку кесиптик билим берүү программаларын тышкы баалоо жүргүзгөн программалык аккредитациялоо боюнча эксперттик комиссия 5 (беш) жылга аккредитациялоону сунуштайт.**

**29.04.2025**